КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО ЭНЕРГЕТИКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БУЙРУК
ПРИКАЗ

17 ноября 2023-ж. № 01-13/235

Бишкек шаары

Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу менен иштелип чыгуучу электр энергиясына тарифтерди белгилөөнүн методикасын бекитүү жөнүндө

Энергиянын кайра жаралуучу булактарын өнүктүрүү жана пайдалануу, жашыл энергетикага инвестицияларды тартууну стимулдаштыруу жана кайра жаралуучу энергетиканын инвестициялык долбоорлорунун рентабелдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү максатында "Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 19-пунктун, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуучу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомун жетекчиликке алуу менен, **буйрук кылам**:

1. Тиркемеге ылайык энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу менен иштелип чыгуучу электр энергиясына тарифтерди белгилөө методикасы бекитилсин.

2. Энергетикалык натыйжалуулук, энергияны үнөмдөө жана энергиянын кайра жаралуучу булактарын өнүктүрүү бөлүмү:

- бул буйрук катталган күндөн тартып үч күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө" токтомуна ылайык аны расмий жарыялоо боюнча чараларды көрсүн;

- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ченемдик укуктук актынын көчүрмөлөрүн мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада, кагаз жүзүндө жана электрондук түрдө жарыялоо булактары жөнүндө маалыматты көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

001398 *

- күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жиберсин.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2015-жылдын 6-августундагы № 1 "Энергиянын жаңыланма булактарын пайдалануу менен электр энергиясын иштеп чыгуучу станциялар тарабынан берилген электр энергиясына тарифтерди эсептөө усулдугун бекитүү жөнүндө" буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

4. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 7 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Об утверждении Методики установления тарифов на электрическую энергию, вырабатываемой с использованием возобновляемых источников энергии

В целях развития и использования возобновляемых источников энергии, стимулирования привлечения инвестиций в зеленую энергетику и создания благоприятных условия для повышения рентабельности инвестиционных проектов возобновляемой энергетики, руководствуясь пунктом 19 статьи 12 Закона Кыргызской Республики «О возобновляемых источниках энергии», со статьей 8 Закона Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики», постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 3 марта 2023 года № 115, **приказываю**:

1. Утвердить Методику установления тарифов на электрическую энергию, вырабатываемой с использованием возобновляемых источников энергии, согласно приложению.

2. Отделу энергоэффективности, энергосбережения и развития возобновляемых источников энергии:

- в течении трех дней со дня регистрации настоящего приказа принять меры по его официальному опубликованию в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года № 117;

- в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копии нормативного правового акта в двух экземплярах на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях с указанием информации об источнике его опубликования в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;

- в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу направить в Администрацию Президента Кыргызской Республики для информации.

3. Признать утратившим силу приказ Государственного агентства по регулированию топливно-энергетического комплекса при Правительстве Кыргызской Республики «Об утверждении Методики расчета тарифов на электрическую энергию, отпускаемую станциями, генерирующими электрическую энергию с использованием возобновляемых источников энергии» от 6 августа 2015 года № 1.

4. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 7 дней со дня официального опубликования.

Министрдин м.а.,
Министрдин орун басары **Н.Ж. Усенова**

Кыргыз Республикасынын
Энергетика министрлигинин
17.11.2025-ж. №01-13/255 буйругуна
тиркеме

Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу менен иштелип чыгуучу электр энергиясына тарифтерди белгилөөнүн
МЕТОДИКАСЫ

1-глава. Жалпы жоболор

1. Энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу менен электр энергиясын генерациялоочу станциялар тарабынан берилген электр энергиясына тарифтерди белгилөөнүн ушул методикасы (мындан ары – Методика) энергиянын кайра жаралуучу булактарын (мындан ары - ЭКБ) пайдалануу менен электр энергиясын генерациялоочу станциялар тарабынан берилген электр энергиясына тарифтерди белгилөөдө бирдиктүү ыкманы түзүү максатында иштелип чыккан.

2. Бул Методика отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан ЭКБны пайдалануу менен иштелип чыгуучу электр энергиясына, анын ичинде суунун, күндүн, биомассанын, шамалдын жана жердин энергиясын пайдалануучу «Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана ушул Методикага ылайык тарифтерди белгилөөнүн тартибин аныктайт.

3. Ушул Методикага ылайык энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануу боюнча иштетүүгө жаңыдан берилген объекттер үчүн тарифтер салыктар эске алынбастан белгиленет.

2. Тарифтерди эсептөө

4. ЭКБны пайдалануу менен орнотмолор иштеп чыгаруучу электр энергиясына тариф төмөнкү формула боюнча эсептелет:

$$T_k = T \times k$$

мында:

T_k - коэффициентти эске алуу менен электр энергиясына тарифтин чондугу;

T - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган электр энергиясына тарифтик саясатка ылайык ЭКБны пайдалануу менен орнотмолор тарабынан иштелип чыккан электр энергиясына тариф;

k - орнотуунун ар бир түрү боюнча коэффициент:

- суунун энергиясын пайдаланган орнотмолор үчүн, коэффициент 1,3кө барабар;

- биомассанын энергиясын пайдаланган орнотмолор үчүн коэффициент1,3кө барабар;

- шамалдын энергиясын пайдаланган орнотмолор үчүн, коэффициент 1,3кө барабар;

- күн энергиясын пайдаланган орнотмолор үчүн, коэффициент 1,3кө барабар;

- жер энергиясын пайдаланган орнотмолор үчүн, коэффициент 1,3кө барабар.

3. Чет өлкө валютасынын курсунун өзгөрүүсүнө тарифтерди кайра кароо

5. ЭКБны пайдалануу менен иштелип чыккан электр энергиясына тариф төмөнкү формула боюнча кайра каралат:

$$T_i = T_k \times \frac{ER_1}{ER_2}$$

мында:

Ti- белгиленүүчү тарифтин чоңдугу (сом/кВт.с);

T_k - коэффициентти эске алуу менен электр энергиясына тарифтин чоңдугу;

- ER_1 - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында жарыяланган расмий курс боюнча эсептелүүчү өткөн жыл үчүн Кыргыз Республикасынын сомунун АКШ долларына, Россия рублине, кытай юанына, еврого карата курсунун орточо арифметикалык чоңдугу;

- ER_2 - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында жарыяланган расмий курс боюнча эсептелүүчү өткөн жылдан мурунку жыл үчүн АКШ долларына, Россия рублине, кытай юанына, еврого карата Кыргыз Республикасынын сомунун курсунун орточо арифметикалык чоңдугу.

Кыргыз Республикасынын сомунун АКШ долларына, Россия рублине, кытай юанына, еврого карата курсунун орточо арифметикалык чоңдугу төмөнкү формула боюнча эсептелет:

$$ER = \frac{\sum(\mathrm{AC1}jn:\mathrm{AC31}dec)}{\mathrm{DY}}$$

мында:

- ER - Кыргыз Республикасынын сомунун АКШ долларына, Россия рублине, кытай юанына, еврого карата курсунун бир жылдагы орточо арифметикалык чоңдугу;

$\sum$ - жыйынтыктоо саны;

$\mathrm{AC1}jn:\mathrm{AC31}dec$ - 1-январдан 31-декабрга чейинки эсептешүү жылынын аралыгында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында жарыяланган АКШ долларына, Россия рублине, кытай юанына, еврого карата Кыргыз Республикасынын сомунун курсунун күндөлүк чоңдугу;

DY - эсептелген жылдагы күндөрдүн саны.

4. Тарифтерди белгилөөнүн жана кайра кароонун тартиби

6. Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу орган «Энергиянын кайра жаралуучу булактары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана ушул Методикага ылайык ЭКБны пайдалануу боюнча долбоорлордун жеңилдетилген мезгилдеги колдонуу мөөнөтүнө ЭКБны пайдалануу менен иштелип чыгуучу электр энергиясына тарифтерди белгилейт.

7. Тарифтерди кайра кароо отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу орган тарабынан жыл сайын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын АКШ долларына, орус рублине, кытай юанына, еврого карата Кыргыз Республикасынын сомунун курсунун өзгөрүшүн мүнөздөгөн расмий маалыматтары боюнча жүзөгө ашырылат.

Приложение
к приказу Министерства энергетики
Кыргызской Республики
от 17.11.2023г №01-13/235

МЕТОДИКА
установления тарифов на электрическую энергию, вырабатываемой с использованием возобновляемых источников энергии

Глава 1. Общие положения

1. Настоящая Методика установления тарифов на электрическую энергию, отпускаемую станциями, генерирующими электрическую энергию с использованием возобновляемых источников энергии (далее – Методика) разработана в целях формирования единого подхода при установлении тарифов на электрическую энергию, отпускаемую станциями, генерирующими электрическую энергию с использованием возобновляемых источников энергии (далее - ВИЭ).

2. Настоящая Методика определяет порядок установления уполномоченным органом по регулированию топливно-энергетического комплекса тарифов на электрическую энергию, вырабатываемой с использованием ВИЭ, в том числе использующих энергии воды, солнца, биомассы, ветра и земли, в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О возобновляемых источниках энергии» и настоящей Методикой.

3. Согласно настоящей Методике, тарифы устанавливаются для вновь вводимых в эксплуатацию объектов с использованием ВИЭ без учета налогов.

2. Установление тарифов

4. Тариф на электрическую энергию, вырабатываемую установками с использованием ВИЭ, устанавливается по следующей формуле:

$$T_k = T \times k$$

где:

T_k - величина тарифа на электрическую энергию, с учетом коэффициента (сом/кВт.ч);

T - тариф на электроэнергию, вырабатываемую установками с использованием ВИЭ в соответствии с тарифной политикой на электрическую энергию, определяемой Кабинетом Министров Кыргызской Республики;

k - коэффициент по каждому виду установки:

- для установок, использующих энергию воды, коэффициент равен 1,3;
- для установок, использующих энергию биомассы, коэффициент равен 1,3;
- для установок, использующих энергию ветра, коэффициент равен 1,3;

- для установок, использующих энергию солнца, коэффициент равен 1,3;

- для установок, использующих энергию земли, коэффициент равен 1,3.

3. Пересмотр тарифов на изменение курса иностранной валюты

5. Тариф на электрическую энергию, вырабатываемую с использованием ВИЭ пересматривается по следующей формуле:

$$T_i = T_k \times \frac{ER_1}{ER_2}$$

где:

Ti- величина устанавливаемого тарифа (сом/кВт.ч);

T_k - величина тарифа на электрическую энергию, с учетом коэффициента;

ER_1 - среднеарифметическая величина курса сома Кыргызской Республики к доллару США, российскому рублю, китайскому юаню, евро за предыдущий год, вычисляемая по официальному курсу, опубликованному на официальном интернет-сайте Национального банка Кыргызской Республики;

ER_2 - среднеарифметическая величина курса сома Кыргызской Республики к доллару США, российскому рублю, китайскому юаню, евро за год, предшествующий предыдущему году, вычисляемая по официальному курсу, опубликованному на официальном интернет-сайте Национального банка Кыргызской Республики.

Среднеарифметическая величина курса сома Кыргызской Республики к доллару США, российскому рублю, китайскому юаню, евро вычисляется по следующей формуле:

$$ER = \frac{\sum(\mathrm{AC1}jn{:}\,\mathrm{AC31}dec)}{\mathrm{DY}}$$

где:

ER - среднеарифметическая величина курса сома Кыргызской Республики к доллару США, российскому рублю, китайскому юаню, евро за год;

$\sum$ - суммарное значение;

$\mathrm{AC1}jn{:}\,\mathrm{AC31}dec$ – ежедневная величина курса сома Кыргызской Республики к доллару США, российскому рублю, китайскому юаню, евро опубликованная на официальном интернет-сайте Национального банка Кыргызской Республики за период расчетного года с 1 января по 31 декабря;

DY – количество дней в расчетном году.

4. Порядок установления и пересмотра тарифов

6. Уполномоченный орган по регулированию топливно-энергетического комплекса устанавливает тарифы на электрическую энергию, вырабатываемую с использованием ВИЭ на срок действия льготного периода проектов по использованию ВИЭ в соответствии с

Законом Кыргызской Республики «О возобновляемых источниках энергии» и настоящей Методикой.

7. Пересмотр тарифов осуществляется уполномоченным органом по регулированию топливно-энергетического комплекса ежегодно в соответствии с законодательством Кыргызской Республики, по официальным данным Национального банка Кыргызской Республики, характеризующим изменение курса сома Кыргызской Республики к доллару США, российскому рублю, китайскому юаню, евро.